УДК 001.891.32

Асаналиева К.
*К.Тыныстанов атындагы ЫМУ*

# Э.ТУРСУНОВДУН “АТА ЖУРТ” РОМАНЫНДАГЫ БУРУЛЧАНЫН ОБРАЗЫ

*Макалада кыргыз элинде аңыз болуп айтылып жүргөн, талаш–тартыш туудурган Бурулчанын образынын тегерегинде сөз болот.*

Кыргыз адабиятында 90-жылдарда тарыхый темадагы жаңы чыгармаларды жазууга болгон кызыгуу өсүп, көптөгөн романдар жарыкка чыга баштады. Айта кетсек: С.Жусуевдин “Курманжан датка” (1904), “Раззаков баяны” (поэма, 1996), Ш.Бейшеналиевдин “Тайлак баатыр” (даректүү баян, 1998), Ж.Субанбековдун “Барс Бек кагандын көрөр көзү” (2002), Т. Касымбековдун “Баскын” (2000), “Кыргын” (2004), Э.Турсуновдун “Балбай” (2002), “Боромбай” (2004), “Ата журт” (2011) ж.б. чыгармалар.

“Тарыхый окуялар менен инсандардын көркөм адабиятта чагылышын анализдөө кийинки убакытта бир топ актуалдуу болуп келе жатат. Акын-жазуучулар тарыхый процесске атайы кайрылышып ой, идея айтууга аракет жасашууда, анткени мурдагыдай идеологиялык үстөмдүк болбогондуктан, тарыхый факты-материалдарга коркпой–үркпөй эле белсенип киришүүдө”, - деп жазат А.Акматалиев (Акматалиев, 1999:7). Кыргыз жазуучулары үчүн өткөөл жылдарда ачылган жаңы горизонттор турмуш чындыгын бардык карама-каршылыгында, тарыхый- турмуштук катмарды бүткүл турпатында чагылтуусуна жол берди.

Кыргыз эл акыны Эрнис Турсунов поэзияда гана эмес, прозада да устат экенин, окурманын терең сыйлаган абийирдүү калемгер экенин, чыгармачылыкты жогорку критерийден караган, жоопкердикти сергек түшүнгөн сүрөткер экенин “Балбай”, “Боромбай”, “Ата журт” романдары, ”Ажал айтып келбейт”, “Биздин замандын баатыры”, “Бадахшан” повесттери айдан ачык далилдеп турат.

“Э.Турсунов буга чейин акын жана котормочу катары белгилүү эле, болгондо да айныгыс, өз жолунан чыкпаган, мындайча айтканда, баш-оту поэзияга берилген акын жана котормочу эле, анан кайдан жүрүп прозага, болгондо да романга келе калды. Эгер анын келгени чын болсо, отурукташкан жайы туруктуубу же кайрадан “көчүп” кетмейи барбы” деп күмөнсүнүп келип: чынын айтсам, жазуучунун мурдараак жарыяланган ”Бадахшан” (1981) деген китебин окуганда “Евгений Онегин” менен “Божественнная комедия” экөөнүн иш арасындагы “эс алгычы” деп ойлогом. Көрсө, андай эмес экен Э.Турсунов прозага чоң максат, күрдөөлдүү дилгирлик менен келгени романдарынан байкалды”- деп белгилептир К.Асаналиев Э.Турсуновдун ”Ата журт” романына жазган рецензиясында (Турсунов Ата журт. -Б., 2011).

“Тарыхчы болуп туулбайт, болуп алат. Ал эми акын болуп туулат”- деп байыркылар айткан сөз бар. Эрнис Турсунов тарыхый окуяларды үйрөнөт, таанып-билет, тарыхый инсандардын өмүр баянын, тагдырын иликтейт, албетте, архивдик документтерге, санжыраларга, элден уккан оозеки аңгемелерге таянат. Сүрөттөлүп жаткан чындыкты обьективдештирүү оңойго турбасы белгилүү. “Тарыхый чыгарма жазып жаткан жазуучуга иликтеп жаткан обьектиге тиешеси бар кымындай факт болсо да чоң олжо катары арзышы турган иш эмеспи. Деген менен, жазуучу деген жазуучу, ал тарыхчы

кебетеленип, тигил же бул тарыхый документти дал ошол кебетесинде пайдаланбастан, анын эстетикалык маңызын сыгып алышы зарыл", - дейт сынчы К.Эдилбаев (Эдилбаев, 1985:112). Муну ойдогудай ишке ашырмайынча, образдардын индивидуалдуулугу, каармандардын кадимки турмуштагыдай жеке касиеттери, жандуу мүнөзү жөнүндө сөз кылуу текке кеткен аракет болор эле. "Кандай гана тарыхый роман болбосун, анын башкы милдеттеринин бири - окуяларды сүрөттөө менен чектелбестен, ошо окуялардын жандуу күбөсү болгон адамдар жөнүндө, жалпылап айтканда, тарыхтын түзүүчүсү болгон эл жөнүндө кеңири баяндоодо турат. Демек, сөз хроникализмден, "жылаңач" сүрөттөөчүлүктөн арылуунун бирден бир туура жолу-каармандардын ички дүйнөсүнө, адам мүнөздөрүнүн диалектикасына өзгөчө көңүл буруунун зарылчылыгы жөнүндө баратат", - деп жазат А.Эркебаев (Эркебаев, 1983:12).

"Ата журт" - эки китептен турган роман. Элибиздин өткөндөгү оор турмушу, 1916-жылдагы боштондук күрөшү, Октябрдын жеңиши, социалисттик жаңы турмушка белсенип киришүү кыргыз көркөм прозасынын эчактан эле кайрылып келген темаларынан. Бирок бул теманы терең жана кенен изилдеп жаза турган К.Тыныстанов, С.Карачев, М.Элебаев, Ж.Турусбеков сыяктуу нукура сүрөткерлер эрте дүйнө салышып, ал эми келечегинен көптү үмүттөндүргөн таланттуу жазуучулар согушта курман болуп, тирүүлөрү идеологиялык саясаттын жээгинде кармашып чыгармачылык өмүрлөрү текке кетти.

"Ата Журт" романына кезинде кашкөй сынчы Кеңешбек Асаналиев рецензия жазып, жогору баалаптыр. Ал кишинин көзүнө илинип, баасына татыш оңой эмес болчу. "Э.Турсунов сүрөттөгөн турмушун жакшы билет, кандай чекитке жетип токтоорун да жакшы сезет, бул өнүккөн чен-өлчөмдүн, чебердиктин бар экенин күбөлөйт, мына ошондуктан жазуучу сюжеттин чыйралышын да, чыңалышын да өз жайына коет, мындайча айтканда, окуяга "автордук кысым жасабайт". Ушундан улам ал кыргыз чындыгынын уюткусу, субстанциясы болгон уруучулук жашоо системасынын ички табиятына тереңдеп кирип, ичкериден ачууга максат кылат. Менин түшүнүгүмдө, автор өзүнүн бул көзөмөл оюна, жекече жазуучулук позициясынан туруп, кыйла ийгиликтерге жетише алган", - деп К.Асаналиев романдын жетишкен жактарын атай келип, анын кем - карчына да токтолот: "Роман сыдыргыга салгандай сыйда, бир калыпта тегиз да эмес. Бирде ал образга жыш, көп түстүү, көп боектуу, көп сырдуу көрүнсө, бирде суйдаң маалымааттуу-даректүү баяндамага жакындап кетет. Кээде ал көбүнесе реалисттик сюжеттин укугуна, накта психологиялык талдоого жетишсе, кээде жөн эле фантасмагорияга, жеңил–желпи куру чечендикке берилип кетет. Айрым сюжеттик тогошууларда жазуучу оригиналдуу оюн, концепциясын кадыресе салмактуу жүзөгө ашырса, ошонун эле жанында жедеп көндүм болгон калыптардан, схемалуу жол-жоболордон чыгалбай, тушалып турганы көрүнүп турат. Бирок кандай болсо да романдын башталышы, аякталышы бар, логикалык өнүгүшү чыңалып турган, өзүнчө бир бүтүн организм катарында күчтүү таасир калтыраарын түк танууга болбойт" (Адабий Ала Тоо. "-2005, -№8).

Роман 1916-жылдын алдында жашап турган кыргыз турмушун сүрөттөөдөн башталат. Чыгарманын баш каармандарынын бири Батыркандын Телгаранын кызына күйөөлөп барып, акыр-аягында кызын эмес, көрөр көз токолу Бурулчаны ала качып кетиши менен башталат. Бул каарман жөн эле

катардагы адам эмес экенин окурман ушул окуядан баамдаса болот. Чыгармада эл арасында аңыз болуп айтылган Бурулчанын тагдыры сүрөттөлөт. Э.Турсунов Бурулча жөнүндө кыйла көп жылдар бою материал жыйнап, көл өрөөнүндөгү карылардан угуп, тактап таржымалын чогултканы жөнүндө мындай дейт: "Кыргыз тарыхында Бурулча баянын архивдерден таппай, анын "Селкинчек", "Боз салкын", "Кош кайрык", "Тагылдыр тоо" сыяктуу ооз комуз күүлөрү менен күйгөн ырлары тууралуу Тазабек Саманчин айткан "оозго келди" жамактардан бөлөк жарытылуу жазма булактарды учурата албадым. "Ата журт" романына баш каарман болуп кирген Бурулчанын көркөм сүрөтүн жазууда санжырачы Алымбай айткан жана таятабыз Касымбай Телтаев тилмеч менен Сабира Телтаевадан уккандарга таянып образды жалпылаган элек" (Э.Турсунов, 2004: 521.).

Көлдүн көкүрөгүндөгү бугу уруусунун кызы Бурулча Ой-Булак айлында туулган. Ал жайлоодо жер которуп көчүп жүргөн жандыктуу бай кишинин кызы болгон. Бирок наристе кезинен аны атасынын бир тууганы жайчы Осмонбек баккан экен. "Бурулчанын турмушка бышкан зирек кези көчмөн турмуш өзгөрүп, каада-салт канондору ыдырай баштаган заманга туш келген. Ушундай шартта кыргыз аялдарынын тагдыры эки эсе оор, эки эсе татаал болгон. Эгер Ак Мөөр, Ак Зыйнат, Ак Саткын, Гүлгаакы, Паризат, Күңөтай, Какей, Үкөй сыяктуу кыргыз элинин талашка түшкөн аруу кыздары теңине жетпей жан кыйган болсо, Бурулча, Айкүмүш, Даанакан, Балкыкыз, Уркуялар аял укугун коргоп, эркектер менен бирге эркиндик-теңдик талашып, элдик төңкөрүштөргө активдүү катышкан", - деп жазат Э.Турсунов (Турсунов, 2004:523). Ырасында, Бурулча өз укугун коргоп, канчалык өз чөйрөсүнөн бийик турбасын, баары бир илгертен бери келе жаткан салт - адат өкүм кылды.

"Бурулчанын качканын укканда Кудайгелди чок баскандай секирип туруп: -Ыя?.. Коюндан катын качат деген не шумдук? Байгамбардай башыңызды аттайт деген не жорук? Э, Кудай, мындай маскаралыкты ким уккан? Өлбөдүкпү, өлбөдүкпү! Өлтүргөн мындан артык болбойт! Кудайгелди жыланбоор камчысын керегеге бир чаап, көздөрүнөн чаар чымчык учту. -Чачын кыркып, чандырына туз салып, энеден туума кылып келбесем, Кудайгелди атым өчсүн!"

Өзүнө теңди көксөгөн Бурулча тилеги кабыл болбой, Телгара кер байталга арта салдырып баратканда Кудайга зар какшап, ботодой боздогон дешет:

Келгенде тору жорго минип келдим эле,
Кеткенде кер байтал минип кеттим ээ, кокуй!..

Элдин астында Телгаранын иниси Кудайгелди тикенеги тик турган чычырканакка бөлөтүп, алтымыш балак жегенден кийин эстен танган Бурулчаны ырайымсыз жазалап, анын "азоолугун" басып, ар-намысын тебелеп тепсегиси келди. Бурулчанын адамдык бийик рухун өчүрө алган жок. Бурулча элдин оозунан түшпөй аңыз бойдон калды. 1916-жылдагы элдик-боштондук көтөрүлүштө кыргыздар Кытайга үркүп, Бурулча эл менен кошо кеткен. 1918-жылы кырылгандан калган кыргыздар Кытайдан кайра тартканда Бурулча андан адашып калып, андан соң аны экинчи көрбөй, дайынын да билбей өлүү-тирүүсүнөн кабарсыз калган.

Он алтыга толгондо Бурулча тал чыбыктай буралып, жанда жок көз тайгылткан сулуулугу менен, ооз комузун кагып, жамактатып кооз үнү менен ырдап эл оозунда аңыз болду. Ошондон тартып Бурулчага көзү түшкөндөр сөз айттырып, жуучу жибере баштады. "Жуучу жиберген күйөөлөрдүн ана башы

Телгара болду. Телгарага бүлө болуп келгени, абадагы куштай өскөн Бурулча көңүлүндө башканы эңсеп, көксөгөнү асмандагы бүркүт, ай чапчыган жигит болду. Телгара топко кеткенде келин-кыздарга алты бакан селкинчек салдырып, черин жазып, бугун чыгарып алчу. Бурулчанын атагы өнөр сүйгөн, күү күйгөн Ала-Тоодогу кыргыз арасына гана эмес, жайык талаадагы казак арасына да кеңири тараган.. «Бурулчанын күйгөнүн», «Бурулчанын обонун», «Бурулчанын селкинчегин» уккандар өзүн бир көрүүнү эңсеп, азем күүлөрүн өз кулагы менен угууну самап, Телгаранын айылына ат жетелетип, тай жетелетип келип жаткан-кетип жаткан.”

Кайсы бир кыз оюнда Бурулчага тескей манабы Батыркандын көңүлү түшүп калат. Батырканды кыя карап каш каккан Бурулча анын жүрөгүнө жалын урат. Батыркан Бурулчанын кыялындагы жигитке көп жагынан окшошсо да, айкөлдүккө жарыбаган мажүрөөлүгү Бурулчаны арманга салып, жанын кейитип, тилегин өксүтүп койду. Батырканды сүйүп тобокелге башын байлап келген Бурулча «кайын атасы» ажыдан каккы жеп, деси сууп, мизи сынып, көңүлү кайт болгондо бетине айткан: - Батыркан?.. Сени мырза экен десем, суусар тебетейиңен бөлөк идирегиң жок тура. Кылычың кыкка өтпөгөн кокуй турбайсыңбы. Атаңдын кейпин көрдүм. Айтарым, бул өңдүү «жакшы атанын» эрксиз кулу болгуча, «жаман атанын» эрктүү уулу болгон артык... Аңги болгон айкырат, ажы. Барктуу, наркттуу тукум деп, балаңызга ниетимди берип келсем, «сойкулугума» жетип, камчы үйүрө чуркадыңыз. Менин «сойкулугумду» көрбөгөн чыгарсыз. Көрбөгөн соң, «абийириңиз» менен калыңыз. Менин абийирим сиздин эки бетиңизден чырайлуу болбосун? Кош эми, «атасынын баласы!..»

Атын угуп жүрсө да мынчалык кайраттуу ургаачы экенин мурда билген эмес Дөнөнбай : «Вазир жакшы – хан жакшы, катын жакшы – эр жакшы» Ате, бүлө кылчу зайып экен. Көзү тик, сөзү так, дымагы өрдө тура. Көзү тиктин уругу тик, тукуму тиригара,- деп сынаган Дөнөнбай. – Кеп бар экен мында. Кайран тунжур, сызды. Менин атым Бурулча, мейли салтың бузулса деген айтылуу Бурулча ушул тура!» Батыркан каардуу атасынын эркинен чыга албай, ал эми Бурулча деле эзелтен келаткан эрежелерге баш ийбеске чара жок. Баары өз чөйрөсүнө, өз жайына айланып кайра келет Бурулча мурдагыдай эле токол атыккан бойдон калды, Батыркан атасынын эсеп-чечими, өкүмү менен ал тапкан колуктуга үйлөндү. Бирок Бурулчанын көкүрөгүнө уюган кектин залдары калган. Агы ак, кызыл чырайы сустайып, көз карашында кимгедир кетпес кекээр турган. Ошол себептүү Батыркан менен кийин кездешкенде каңырыгы түтөп капааттанып айткан Бурулча:

-О, армандуу дүйнө?! Асылдын баркын асыл билет. Баркына жетпеген соң асылды кор кылып неге сүйөт? Жаштыгыман бир жаңылдым, катуу жаңылдым. Ал жаңылышым оңойго турбады. Сизге арнаган жанымды купулга толгон кулга арнасам, төбөсү менен кудук казып баркыма жетмек. Куур тондун ичинде куурасын жигит, өлбөсүн. Кандай гана азаматтар теңин таппай кор болуп жүрөт, а?..Эттин тагы кетет, көңүлдүн тагы кетпейт. Сыртыңыз сыпаа болгону менен, ичиңизди көрдүм, сиз таш жарып чыккан тоо гүлүн тебелеп койдуңуз. Ак сүйүүгө кара канжар урдуңуз. Атанын дөөлөтүнө эсирип, далдаасына жан баккан байкуш. Журт башында турат имиш, эл башкарат имиш. Мени саткан, сиз энеңизди да, элиңизди да сатасыз. Сиздей мырзанын барынан жогу. Аялга кеп эмес эркектин бир аткан огу. Көзүмдө огум болсо, атып таштайт элем. Коенду камыш, жигитти намыс өлтүрөт. Ар-намыс айынан

ашыктыгына карабай, Жаңыл Түлкүнү өлтүргөн. Сизге кошулбай калганыма кудайга миң мертебе, тобо! Сиз менен сөз бүттү, жолуңузга түшүңүз!

Батыркан ыйык сүйүүгө татыксыз болду. Ак сүйүүгө арзыбай калды. Бурулчанын кийинки тагдыры кыргыз элинин курч, социалдык оор, экономикалык жакырланган абалына, турмуштун олку-солку жагдайларына, кыйын кезең кырдаалдарга туш келген. Улуу үркүн, кыргыз элинин трагедиясы, андан соң Октябрь таңы атып, кырылгандан калгандары Кытайдан Ата журтуна келе баштаган. Бурулчанын соңку тарыхы мына ушундай коогалуу, опурталдуу, капсалаң учурга туш келген.

Мына, ушундай аргасыз шартта Бурулча сыяктуу кайраттуу аялдар акыл таап, ылаажы издеп, элге дем берип, жанын курман чаап көч башында болгон. Андагы ашууда калган кыргыздардын күнүн ит көрбөсүн. Карыларды кар басып, алсыз адамдар тирүүлөй тоңуп, мал өлүгү тороюп, дөбө болуп жаткан. Буга дейре карателдер кимдер экени жана алар кандай болору эч кимдин оюна да, түшүнө да кирген эмес. Ошондо тирүү калган качкындар өз көзү менен көргөн. Карателдер чекке жетип кайра тарткан соң кыргыздар Кытайга өткөн. Эми Кытайдагы көргөн кыргыздардын кордугун жазууга кагаз түтпөс, айтууга миң бир түн да жетпес. Жаш жубан, сулуу кыздарын тарттырып, ачкалык айынан бир баштык жүгөрүгө сатып, балдарынан, боордошторунан ажыраган кыргыздар Аксы, Турпан, Кулжа, Текесте өлүм алдында калганда Отябрь төңкөрүшү чыгып, уруят мыйзамы келди.

Бирок Бурулча Ата мекенине кайтпай калган. Ал кытайлардын колунда калганы же кыргыздар кайтып келатканда ашууда жаздым болгону белгисиз. Баскан жолу, өмүрү, таржымалы, тарыхы Кыргызстандагы окуяларга тыкыс байланышкан, өз мезгилинин жүгүн көтөрүп, өз доорунун белгилерин алып жүргөн Бурулчадай кыргыз аялынын образын көркөм чыгармага жазып, урпактарга калтыруу бул - жазуучу үчүн таалайлуу эмгек.

## Адабияттар:

1. Акматалиев А. Көркөм чыгарма жана тарыхый баатыр инсандар. -Б., 1999.
2. Асаналиев К. Азыркы кыргыз романы.//Адабий Ала Тоо, 2005, № 8.
3. Асаналиев К. Эрнис Турсунов: өзү жалгыз//Кыргыз Туусу, 2010, 19-октябрь, № 80.
4. Эдилбаев К. Мезгилдин чакырыгы. -Ф.: Кыргызстан, 1985.
5. Эркебаев А. Кыргыз прозасынын контрасттары. -Ф.: Кыргызстан, 1983.